# PLITONIT Гидроизоляциялык бурч: ички 90° жана сырткы 270°

PLITONIT
Plitonit Deutsche Qualität

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ



Таңгакта 2 бурч бар

- ✓ Кычкылга туруктуу
- ✓ Сырткы жана ички иштер үчүн
- ✓ Абдан ийилчээк
- ✓ >1,5 Атм суу басымына туруштук берет

## Ички жана сырткы иштер үчүн ийилчээк гидроизоляциялык тасма

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

### Колдонуу чөйрөсү

Өндүрүмдү нымдуу бөлмөлөрдөгү жана курулмалардагы «пол - дубал» бириккен жерлердин ички жана сырткы бурчтарын, өзгөрмө келген тигиштерди, чыгаруу түтүктөрүн, суу агып чыгуучу тешиктерди гидроизоляциялоо үчүн арналган: бассейндерди, чайынма бөлмөлөрүн (анын ичинде поддону жок душтарды), жуунуучу бөлмөлөрдү, жертөлөлөрдү балкондорду, террасаларды, өндүрүштүк имараттарды (анын ичинде тамак-аш өнөр жайларын) ж.б. гидроизоляциялоо.

### Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Гидроизоляциялык аралашманын катмарын кыл калем (кисть) же шпатель менен бириктирилген жерлердин чектеш беттерине, ошондой эле инженердик тармактар киргизилген жана суу агуучу жерлерге сүйкөө керек.* |
| 2 | ПЛИТОНИТ ГидроЛента гидроизоляциялык бурчту нымдуу гидроизоляция катмарына жаткырыңыз. |
| ! | Гидроизоляциялык бурч бириккен жерди/тигишти толугу менен жаап тургандай кылып, мөөрү жок тарабы менен төмөн каратылып жаткырылат. |
| 4 | Бардык «аба көбүктөрүн» кетирүү үчүн гидроизоляциялык бурчту жылмакай металл / пластик шпатель менен сүйкөлгөн аралашмага батыра басыңыз. |
| ! | Тасмалардын, бурчтук бөлүктөрдүн жана манжеттердин бириккен жерлерин бири-биринин үстүнө 5–7 см кабаттап жаткыруу керек. |
| ! | Гидроизоляциялык массанын кийинки катмарын тасманын четки бөлүгүнүн үстүнөн, анын ортоңку бөлүгү жабылбай кала тургандай кылып сүйкөшөт, мындайда мурунку гидроизоляциялык катмар катып калган, бирок дагы эле нымдуу болушу керек. |

*** Сүйкөлө турган аймактын туурасы бурчтун туурасынан бир нече сантиметрге кенен болушу керек. Гидроизоляциялык тасманы жаткыруудан мурун бетке сырткы жана ички бурчтук элементтер, дубал жана пол манжеттери жаткырылат.**

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Калыңдыгы | ~ 0,6 мм |
| Туурасы | 120 мм |
| Бурч тарабындагы узундугу | 140 мм |
| Иш температурасы | -30°C ...+ 90°C |
| Суу басымына туруштук берүүсү | >1,5 Атм |
| Үзүлгөнгө чейинки туурасынан чоюлуусу | >100% |

### Ташуу жана сактоо

Жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык, үстү жабык унаа каражаттарында ташуу керек. Таңгактын сакталышын камсыз кылган үстү жабык имараттарда сактоо зарыл. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 24 ай. Даярдалган күнү таңгагында көрсөтүлгөн.

### Маанилүү кеңештер

PLITONIT Гидроизоляциялык бурч: ички 90° жана сырткы 270° PLITONIT ГидроЭласт полимердик гидроизоляциялык мастикасы же PLITONIT ГидроЭласт 2К полимер-цементтик ийкемдүү гидроизоляциясы менен бир тутумда колдонулат.


**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru